## Компаньон Банкынын агенттери үчүн акция

**" Көбүрөөк сатыңыз да, утуп алыңыз"**

| АКЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮ ШАРТТАРЫ | | |
|---|---|---|
| 1 | **Акциянын уюштуруучусу** | «Компаньон Банкы» ЖАК (мындан ары -Банк) |
| 2 | **Акциянын мөөнөтү** | Акциянын башталуу күнү: **2025-жылдын 1-ноябры**<br>Акция аяктоочу күн: **2025-жылдын 31-декабры (кошкондо)** |
| 3 | **Акциянын түрү** | Акция стимулдаштыруучу лотерея болуп эсептелбейт, анткени жеңүүчүлөрдү аныктоодо кокустук принциби колдонулбайт (жеңүүчүнү туш келди тандоону ишке ашырган алгоритм колдонулбайт). |
| 4 | **Акциянын катышуучулары** | Акцияга Банк Агенттери болуп саналган бардык жеке ишкерлер катыша алышат (Бишкек шаарындагы агенттерден тышкары).<br>"Компаньон Банкынын" кызматкерлери жана Банктын кызматкерлеринин жакын бир туугандары болгон агенттер акцияга катышпайт. |
| **КАТЫШУУ ШАРТТАРЫ ЖАНА ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРДҮ АНЫКТОО** | | |
| 5 | **Акцияга катыша турган операциялардын түрлөрү:** | 1. Акциянын жүрүшүндө Агенттин QR-кодун сканерлөө менен Агент аркылуу берилген бардык онлайн кредиттер.<br>2. Акциянын жүрүшүндө Агенттин QR-кодун сканерлөө аркылуу ачылган бардык онлайн депозиттер жана ошол депозиттерге онлайн түрдө кошумча каражат салуу. |
| 6 | **Акциянын шарттары** | • Акцияга катышуу үчүн анын жүрүшүндө Агенттин QR-кодун сканерлөө аркылуу мүмкүн болушунча көп онлайн кредит берүү жана эң чоң көлөмдөгү онлайн депозиттерди ачуу талап кылынат.<br>• Акцияга Агенттин QR-кодун сканерлөө аркылуу ачылган жана жыйынтык чыгаруу учурунда активдүү болгон бардык онлайн кредиттер жана онлайн депозиттер катышат. |
| 7 | **Жеңүүчүлөрдү аныктоо тартиби жана критерийлери** | 7.1. Жеңүүчүлөр төмөнкү негизги категориялар боюнча аныкталат:<br>• Акциянын жыйынтыгы боюнча Банктын ар бир 15 (он беш) филиалында (Бишкек шаарындагы филиалдардан тышкары) 3 (үч) жеңүүчү аныкталат — булар Агенттин QR-кодун сканерлөө аркылуу эң көп онлайн кредит берген Агенттер.<br>• Бирдей сандагы онлайн кредит берген жеңүүчүлөр аныкталса, акциянын жүрүшүндө эң көп онлайн депозит ачкан жана онлайн депозиттерди толуктаган Агент жеңүүчү катары тандалат.<br><br>7.2. Акциянын жүрүшүндө берилген, бирок жыйынтык чыгаруу учурунда жабылган онлайн кредиттер жана ачылган онлайн депозиттер финалдык жыйынтыктарды эсептөөдө эске алынбайт.<br>• Спекулятивдик операциялар аныкталган учурда, Банк акцияга катышуудан четтетүү укугун өзүнө калтырат. |
| 8 | **Байге фонду жана байгелүү орундар** | Акциянын жеңүүчүлөрү болуп 15 (он беш) филиалдын ар биринде эң көп онлайн кредит берген 3 (үч) Агент тандалып алынат. Алар төмөнкү сыйлыктарга ээ болушат:<br><table><tr><th>Орун</th><th>Байге</th></tr><tr><td>1</td><td>Smart - Телевизор</td></tr><tr><td>2</td><td>Вертикалдуу чаң соргуч</td></tr><tr><td>3</td><td>Микроволновка</td></tr></table>• *Байгелерди алуу менен байланышкан бардык салык төлөмдөрүн Акциянын уюштуруучусу өз мойнуна алат.* |

| | | |
|---|---|---|
| **9** | **Акциянын жыйынтыгын чыгаруу мөөнөтү** | Акция башталган күн: **2025-жылдын 1-ноябры**<br>Акция аяктоочу күн: **2025-жылдын 31-декабры (кошкондо)**<br>Жыйынтыктар чыгарыла турган күн: **2026-жылдын 15-январына чейин**<br>Жеңүүчүлөрдү сыйлоо күнү: **2026-жылдын 31-январына чейин** |
| | **АКЦИЯНЫН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮН МААЛЫМДОО ЖАНА СЫЙЛОО ТАРТИБИ** | |
| **10** | **Акциянын жеңүүчүлөрүн сыйлоо** | 10.1. Акциянын жеңүүчүлөрүн сыйлоо жыйынтыктар жарыяланган күндөн тартып 15 (он беш) календардык күндүн ичинде жүргүзүлөт. Эгерде Акциянын жеңүүчүсү сыйлоо аземине катыша албаса, анда ал жыйынтыктар жарыяланган күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде Банктын филиалына же сактык кассасына кайрылып, байгесин ала алат. Эгерде жеңүүчү көрсөтүлгөн мөөнөттө байгесин алып кетпесе, анда анын ордуна жеңүүчүлөр тизмесиндеги кийинки орунду ээлеген катышуучу жеңүүчү деп эсептелет.<br>• Байгелер расмий сыйлык тапшыруу аземинде тапшырылат. Акциянын акыркы этабындагы байгелердин акчалай эквиваленти берилбейт. |
| **11** | **Катышуучуларга Акциянын жыйынтыгы тууралуу маалымдоо** | 11.1. Акциянын жыйынтыгы чыгарылгандан кийин 15 (он беш) иш күндүн ичинде Банк ар бир жеңүүчү Агентке Акциянын жыйынтыгы, ошондой эле байгелерди тапшыруу аземинин күнү жана өтүүчү жери тууралуу маалымат берет.<br>11.2. Акциянын жеңүүчүлөрүнүн тизмеси жыйынтык чыгарылган күндөн тартып 15 (он беш) иш күнүнүн ичинде Банктын («Компаньон Банкы» ЖАК) расмий сайтына www.kompanion.kg жарыяланат.<br>11.3. Банкка туура байланыш маалыматтарын (аты-жөнү, байланыш телефон номерлери, жашаган жеринин даректери ж.б.) берүү жана берилген маалыматтардын аныктыгы үчүн Акциянын Катышуучусу жоопкерчиликтүү.<br>11.4. Эгерде Акциянын жыйынтыгы жарыяланган күндөн тартып 15 (он беш) календардык күндүн ичинде көрсөтүлгөн байланыш маалыматтары боюнча Акциянын катышуучусуна кабарлоо/байланышуу мүмкүн болбосо, катышуучу Акциянын жеңүүчүлөрүнүн тизмесинен чыгарылат. Бул учурда жеңүүчү деп жеңүүчүлөрдүн тизмесинде кийинки орунду ээлеген катышуучу эсептелет.<br>• Байгени алуу үчүн инсандыгын тастыктаган документти (ID-карта же паспорт) сала барып, көрсөтүү кажет. |
| | **АКЦИЯ ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТЫ ТАРКАТУУ** | |
| **12** | **Каналдар** | Акциянын шарттары, жыйынтыктары, кулактандыруулар, жарнамалык материалдар төмөнкү каналдар аркылуу жарыяланат:<br>• Банктын расмий веб-сайты www.kompanion.kg;<br>• Банктын социалдык тармактардагы расмий интернет-аккаунттары (Facebook, Instagram, Twitter ж.б.);<br>• Маалыматтык-көңүл ачуучу интернет-сайттар жана Банктын өнөктөштөрүнүн сайттары жана алардын социалдык тармактардагы аккаунттары;<br>• Башка бардык жалпыга маалымдоо каражаттары.<br>• Акцияны өткөрүү боюнча суроолор менен Банктын Кардарларды колдоо кызматынын номерлерине кайрылсаңыз болот: 0312 33 88 00, моб.тел.: 88 00. |
| **13** | **Акция тууралуу макалалар** | • Акцияга катышкан Агенттер уткан учурда, өз ыктыяры менен макулдугун берип, Банкка төмөнкү маалыматтарды расмий сайтында, социалдык тармактарда жана интернеттеги башка булактарда, ошондой эле массалык маалымат каражаттарында жарыялоо укугун беришет: Агенттин ФАА, байге алган орду, байгенин түрү, сүрөтү. |